КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

ШАЙЫБЕК АТА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА
ШАЙЫБЕК АТА

**Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин кезектеги IV-сессиясы**
**Токтом №58**

**27.01.2025-жыл** **Чон-Сары-Ой айылы**

**Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн “Тазалык” мекемесинин таштанды төгүүчү жайга талон менен төгүлүүчү кызмат көрсөтүү кызмат акы төлөмүнүн тарифин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 мыйзамынын 34-беренесинин, Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн “Тазалык” мекемесинин директору Ж.Калиевдин кайрылуусун карап талкуулап чыгып Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Шайыбек ата айыл аймагындагы жергиликтүү калкка Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн “Тазалык” мекемесинин таштанды төгүүчү жайга талон менен төгүлүүчү кызмат көрсөтүү тарифи төмөндөгүдөй бекитилсин

- ГАЗ-53 (1 рейске) 1500 сом,
-Хово (1 рейске) 5000 сом,
-Камаз (1 рейске) 3000 сом,
-ЗИЛ (1 рейске) 2000 сом

2. Талондон түшкөн акча каражаты Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн “Тазалык” мекемесинин бюджетине кириштелсин.

3. Токтомдун аткарылышы Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы У.Абдырахмановко жана Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Социалдык экономикалык бөлүмүнүн башчысы Ж.Учкемпировага жана “Тазалык” мекемесинин жетекчиси Ж.Калиевке милдеттендирилсин.

4. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин «Бюджет, финансы, экономика, инвестиция тартуу жана орто чакан бизнести өнүктүрүү» жана «Маданият, билим берүү, саламаттык сактоо, калкты социалдык жактан коргоо, эмгек миграция коомдук уюмдар менен иш алып баруу жана дин маселеси боюнча» туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Төрага** **Т.Туйгунов**

*Г.Ормукова*
*Жиберилди: иш кагазына-1, айыл Өкмөтү-1, “Тазалык” м-и-1, мин юст баш-2.*